УДК:371.036
DOI 10.33514/BK-1694-7711-2023-1(2)-237-241

**Умарбекова А.А., Жайлообаева Н.Ж.**
Талас мамлекеттик университети, педагогика илимдеринин кандидаты, доцент,
Талас мамлекеттик университети, магистрант
**Умарбекова А.А., Жайлообаева Н.Ж.**
Таласский государственный университет, кандидат педагогичесских наук, доцент,
Таласский государственный университет, магистрант
**Umarbekova A.A., Zhailoobayeva N.Zh.**
Talas State University, Candidate of pedagogicai sciences, associate professor,
Talas State University, Master's student

# БАШТАЛГЫЧ КЛАССТЫН ОКУУЧУЛАРЫН КӨРКӨМ ӨНӨР САБАГЫНДА ЭСТЕТИКАЛЫК ЖАКТАН ТАРБИЯЛООНУН УСУЛДАРЫ ЖАНА ФОРМАЛАРЫ
# МЕТОДЫ И ФОРМЫ ЭСТЕТИЧЕСКОГО ВОСПИТАНИЯ УЧАЩИХСЯ НАЧАЛЬНЫХ КЛАССОВ НА УРОКЕ ИСКУССТВА
# METHODS AND FORMS OF AESTHETIC EDUCATION OF PRIMARY SCHOOL STUDENTS IN THE ART LESSON

**Кыскача мүнөздөмө.** Макала башталгыч класстын окуучуларын көркөм өнөр сабагында эстетикалык жактан тарбиялоонун максаты, принциптери, усулдары жана формалары жөнүндө жазылган. Көркөм өнөр сабагынын максаты окуучунун курчап турган чөйрөнүн, жаратылыштын, сүрөт искусствосунун сулуулугун баалай билүүсү, анын эстетикалык көз караштарын каалоолор жана сезимдер аркылуу кабыл алуу менен турмушта сонун нерсени түзүүгө умтулуу, жөндөмдүүлүгүн өрчүтүү болуп саналат. Мында окутуунун принциптери менен катар окутууну уюштуруунун стандарттык жана стандарттык эмес формалары, окутуунун бирге окуйбуз, долбоорлоо, диалогдук, салыштырмалуу, оюн ыкмалары каралган. Практикада ийгиликке жетүүнүн ыкмалары дифференцирленген окутуунун маанилүүлүгү менен айкалышып, окуучулардын типтүү айрымачылыктарын эске алуу менен окуу-тарбиялык процессти жүргүзүү зарылдыгы белгиленген.

**Аннотация.** В статье написано о цели,принципах, методах и формах эстетического воспитания учащихся начальных классов на уроке изобразительного искусства. Цель урока изобразительного искусства-развить у ученика способность стремиться к созданию прекрасного в жизни, принимая к созданию прекрасного в жизни, принимая свое эстетическое видение через желания и чувства. Наряду с принципами обучения предусмотрены стандартные и нестандартные формы организации обучения. На практике методы достижения успеха сочетаются с важностью дифференцированного обучения и необходимостью осуществлять учебный процесс с учетом типичных различий учащися

**Abstract.** The article is written about the purpose of the principles, methods forms of aesthetic education of primary school student in the fine arts lesson.The purpose of the visual arts lesson is to develop the students ability to strive to create beauty in life, accepting his aesthetic vision through desires and feelings.Along with the principles of training,standard and nonstandard forms of organization of training, joint training of planned, dialogic, comparative gaming teaching methods are provided. In practice, methods for achieving success art combined with the importance

of differentiated learning and the need to carry out the educational process, taking into account the typical differences of students.

**Негизги сөздөр:** Эстетика, эстетикалык жактан тарбиялоо, окутуунун принциптери, окутуунун усулдары, окутууну уюштуруунун формалары, биргелешип окуу усулу, долбоорлоо усулу, дифференцирленген окутуу

**Ключевые слова:** Эстетика, эстетическое воспитание, принципы обучения, методы обучения, формы организаций обучения, метод совместного обучения, метод проектироваия дифференцированное обучение.

**Keywords:** Aesthetics, aesthetic education, teaching principles, teaching methods, forms of learning organization, collaborative learning method, design method, differentiated learning.

Көркөм өнөр сабагынын максаты баланы айлана-чөйрөдөгү жашоо, жаратылыш жана искусстводогу сулуулукту баалай билүүгө жана туура түшүнүүгө жөндөмдүү кылып тарбиялоо жана баладагы эстетикалык көз караштарды, каалоолорду жана сезимдерди, искусстводо жана турмушта сонун нерсени түзүүгө умтулгандыкты, ага карата жөндөмдүүлүктү өрчүтүү болуп саналат.

Сулуулукту баалай билүү маселеси искусствону жана турмушту терең жана ар тараптан билүүнүн негизинде калыптанат. Билүүлөр эстетикалык көз караштардын жана калоолордун калыптанышынын эң маанилүү шарты болуп саналат. Көркөм өнөр сабагынын максатын ишке ашырууда эстетикалык тарбия берүү белгилүү бир системада жүргүзүлүүсү зарыл. Эстетикалык тарбия берүүнүн системасы деген түшүнүккө инсандын калыптанышын камсыз кыла турган максаттын, мазмундун, принциптердин, уюштуруу формаларынын жана усулдардын бирдиктүүлүгү кирет.

Баланын калыптануусунда мектептик курак өзгөчө мааниге ээ мезгил. Бул мезгилде, бала, коомдошуп, адамзаттын байлыктарын жалпылаштырып, жаратылыш, адамзат, коомчулук менен карым-катнаш түзө баштайт. Дал ушул мезгилде көркөм өнөр сабактарында, балага өз элинин маданиятына жана деги эле, дүйнөлүк маданиятка болгон кызыгуусун калыптандыруу керек. Окуу процессинде аныкталган так максаттын негизинде мугалим окутуунун төмөндөгү принциптерин жетекке алуу менен иш жүргүзөт. Алар:

- көркөм өнөрдүн чыгармаларындагы идеялуулуктун жана көркөмдуктүн бирдиктүүлүгү;
- инсанды калыптандыруудагы илим менен көркөм өнөрдүн тийгизген таасиринин байланыштуулугу;
- окуучунун өз алдынча чыгармачылыгын өстүрүү.

Көркөм өнөр сабактарында ар кыл ыкмаларды жана формаларды колдонууга болот. Колдонулган окутуунун уюштуруу формаларынын негизгиси болуп – окуучулардын чыгармачыл ой-жүгүртүүсүн жана акыл-эс активдүүлүгүн өстүрүүчү сабактар саналат.Ошону менен катар стандарттуу эмес сабактар экскурсия-сабак, викторина-сабак, чыгармачыл сабак, конкурс-сабак, эксперимент-сабак, көргөзмө-сабактарын уюштурууга болот.

Сабактарда балдар сүрөт жана живопистин көркөм каражаттарын аң-сезимдүүлүк менен колдонууга үйрөнүшөт. Сабактагы негизги ишмердүүлүккө – натура менен иштөө, эстеп тартуу, байкоо, композициялык жана коордоо иштери кирет. Башталгыч класстарда кеңири таралган иштин түрү – темаларга байланыштуу композиция. Ал эми сүрөт тартууда балдар өз фантазияларына таянышса болот.

Натыйжалуу ишмердүүлүк усулдары: коллективдик, топтошуп иштөө;

Ишмердүүлүктү уюштуруунун бул формалары окуучуларда ишкердүүлүк, терең ой жүгүртүү, тапкычтык, эмгекчилдик жана өз иши үчүн жоопкерчилик сымал сапаттарды калыптандырат. Ал эми бул, сабактын тарбиялык максаты ишке ашты дегенди билдирет.

Өз алдынча сабактан тышкаркы ишмердүүлүк үй тапшырмалар түрүндө ишке ашат. Ал тапшырмалар көркөм өнөр сабагы боюнча алынган билимди бекемдөө жана аларды чыгармачылыкта колдонууга багытталган. Бул тапшырмалар окуучулардын кызыкчылыктарын жана шыгын аныктоого жана дагы да өз алдынча чыгармачылык менен иштөөгө жардам берет.

Бирге окуу жеңилирээк, кызыктуураак жана кыйла натыйжалуураак болот. Мында, балдар жөн гана интеллектуалдык жактан өнүкпөстөн, анын ичинде бири-биринен дагы чыгармачылыкка үйрөнүп, адеп-ахлактык өсүүдө болушат.

Биргелешип билим алуу – баарыдан мурда, жасалга-прикладдык чыгармачылыкка тийиштүү сабактарында, топтошуп жана коллективдешип сүрөт тартууда абдан эффективдүү технология. Анткени, бул ыкма өз алдынча көз карашты ишке ашырууга түрткү болуп, окуучуларга бирдей мүмкүнчүлүктөрдү түзүп берет. Мында, чогуу жыйынтыкка жетишүү үчүн окуучулар кетирген аракеттер эске алынат.

Биргелешип иш алып баруу аркылуу окутуунун башкы идеясы – жөн эле бирге иштебестен, бирге окуйбуз.

Окутуунун ураны: “Башкаларды үйрөтүп жатып, өзүбүз үйрөнөбүз!”

“Бирге окуйбуз” ыкмасынын өзгөчөлүктөрү эмнеде?

Класс 3-7 адамдан болуп, ар кандай (өсүү деңгээлдерине жараша) топторго бөлүнөт. Топторду уюштурууда ар бир окуучунун жеке өзгөчөлүгүн эске алып, ар бир группага тиешелүү тапшырма иштелип чыгат.

Ар бир топко бирден тапшырма берилип, ал бардык класс иштей турган, жалпы бир тапшырманын ичинен чыккан майда тапшырмалардан турат.Жалпы жана ар бир топтун бирге иштешүүсүнүн натыйжаларында бүткүл окуу материалын үйрөнүү жана практикалык тапшырманы аткаруу ишке ашат.

Кийинкиде ар бир топто 2ден тапшырма болот: таанып-билүү-чыгармачыл жана социалдык – баарлашуу маданияты.Тапшырманын 2 деңгээли тең маанилүү, анда чыгармачыл тапшырманын аткарылышы менен катар,окуучулардын карым-катнаш мамилелери, баарлашуу аркылуу искусствонун түрлөрүнө кызыгуусу күчөп, жаңы нерселерге үйрөнүүгө умтулушат.

Көркөм өнөр сабактарында долбоорлоо методун колдонуп окутуу окуучуларды традициялык предметтик көз караштан ар түрдүү өз алдынча ишмердүүлүккө өткөрүүнү камтыйт.Бул учурда өз алдынча иштөөнүн изилдөөчүлүк, изденүүчүлүк, чыгармачыл мүнөздөгү жекече, түгөйлөш, группалык түрлөрү басымдуулук кылат. Долбоорлоо усулунда окуучулар маселелерди биргелешип чечүүдө өз ара кызматташууга үйрөнүшөт, алардын ар бири өз ой-пикирлерин далилдүү негиздегенди, дискуссия уюштурууну, ишти пландоону, окуу материалын анализдөөнү, суроолорду берүүгө үйрөнүүлөрү тийиш. Долбоордук иштин жыйынтыктарын класста, конференцияларда талкуулап, коргошот. Ошентип, долбоордук жумуштун жүрүшүндө балдар өз алдынчалыкка көнүгүшөт, долбоорду аткарууда өздөштүрүлгөн билимдерди, көндүмдөрдү пайдаланганды үйрөнүшөт.

Диалогдук метод. Мугалим жана окуучу - баарлашып жаткан тараптар. Демек мугалимдин кеби мыкты болушу керек. Окуучу өз оюн айткан сөзүндө дагы, практикалык чыгармачыл иште дагы чагылдырат.

Салыштыруу методу ой жүгүртүүнү жандандыргыч катары. Жакынкы жана алыскы ассоцияларды колдонуу менен салыштыруу методу ассоциялоонун өзүн ойготот, демек, чыгармачыл ой жүгүртүүнү калыптандырат.

Көркөм өнөр сабактарында окуучунун чыгармачыл өнүгүүсүн ишке ашырууга багытталган ар түрдүү ыкмалар менен каражаттар колдонулуп келет. Сабакта баарыдан мурда, адеп-ахлактык жана эстетикалык тарбиянын маселелери чечилиши керек. Искусстводогу сулуулукту баалоо мугалим менен окуучунун рухий баарлашуусу аркылуу ишке ашат. Өзгөчө кызыгуу атмосферасы жок көркөм өнөр сабагы – ойго сыйбаган иш. Ошондуктан, сабак учурунда окуучулар менен жандуу диалогдорду, музыканы, көркөм образдарды, поэтикалык тексттер, оюн кырдаалдары колдонуу аркылуу, алардын сабакка болгон кызыгууларын жаратуу керек. Каражаттардын баардыгы окуучуну кызыктыруу, жандандыруу, рухий жактан ойготуу үчүн колдонулат. Ошондо гана көркөм өнөр ишмердүүлүгүнүн натыйжалуулугу тууралуу сөз кылса болот. Темага эмоционалдык чүңгүү, сабактагы эч нерсеге салыштыргыс минуталар! Окуучуну кызыгуусун ойготкондо гана, ал искусствонун карамагына өтөт.

Сабак окуучу үчүн жаркын маанайдагы майрам сыяктуу өтүшү үчүн  түрдүү оюндарды колдонууга болот. В.А. Сухомлинский өзүнүн “Окуучунун рухий дүйнөсү” деген китебинде жомокторду инсценировкалоонун мисалында “Жомокту окуп жатканда, жомоктун идеясын даанарак берүүчү окуялар жөнүндө сөз болуп жаткан учурда андагы каармандар ар бири өзүнө ылайык кийимдери менен балдардын көз алдында турат” деп белгилеп, ал балдарга ушунчалык таасир эткендиктен, каармандардын сүрөтүн тартууда чыгармачылык менен өзгөртүүлөрдү киргизүүгө аракет кылгандыгын айтат[3].Оюндардын негизинде окуучуларды сабакта өтүлүүчү сүрөтчүлөрдүн чыгармаларын кабылдоого түрткү берүүгө да болот. Баарлашуу албетте, окуучулардын өзүлөрүнүн активдүү катышуусунда жүрөт. Алар чын дилинен сүрөт искусствосунун чыгармалары менен таанышып, андагы көркөм түстөрдү айрымалап, сүрөттөгү көрүнүштү, кооздукту баалап, өз ойлорун айтып беришет.

Педагогикалык системага кирген дидактикалык көнүгүүлөр жана оюн-зоок мүнөттөрү, балдардын көркөм өнөр сабагына болгон кызыгуусун арттырат. Дидактикалык көнүгүүлөрдү жана оюн-зоок кырдаалдарын материалды түшүнүүгө оор болгон сабактарда колдонуу натыйжалуураак болот.

Балдардагы эстетикалык сезимдерди, баалоо жөндөмдөрүн, алынган тажрыйбаны чыгармачыл колдонууну өстүрүүчү негизги ыкмаларга төмөндөгүлөр кирет:

Окутуудагы ийгиликтин кырдаалдары. Окууга болгон кызыкчылыкты стимулдаштыруунун натыйжалуу усулдарынын бири болуп, билим берүү процессинде кыйналып жаткан окуучулардын ийгиликке жетишүүчү ситуацияларын түзүү болуп саналат. Ийгиликке жетүү кубанычын сезип көрбөстөн, келечекте чыны менен окуу кыйынчылыктарын жене алат деп ишенүүгө болбойт. Окуу тапшырмаларынан ийгиликке жетишүү кырдаалдары бирдей оордук деңгээлдериндеги окутуу тапшырмаларын дифференциациялоонун жардамы менен дагы ишке ашат. Ийгиликке жетишүү кырдаалдары мугалим тарабынан окуучулардын аракеттерине алкыш айтуу, же алардын демилгесин көтөрүү жолдору аркылуу жүргүзүлөт.

Ийгиликке жетишүү кырдаалын түзүүдө маанилүү ролду, тигил же бул окуу тапшырмаларды аткарууда жагымдуу моралдык, психологиялык атмосфераны түзүү ойнойт. Окуу учурундагы аз да болсо жагымдуу климат – коркоктукту, өзүнө ишенбөөчүлүктү басаңдатат. Кыжалаттык сезими өзүнө ишеничке айланат.

Окуучулардын билим алуусундагы ийгиликтерин артыруучу, дагы бир маанилүү баскыч бар.

Эгер биз, окуучунун аткарган иши ийгиликтүү болсун десек, келечекте тоскоолдуктарды ашып өтө алуусу үчүн жана ишинде уламдан-улам жагымдуу мүнөзгө ээ болуусу үчүн, ийгиликке жана ийгиликсиздикке эмне алып келээрин түшүнүшүбүз керек. Ийгиликке жетүү шарттарын төмөнкү педагогикалык негиздер түзөт: маанай, окуучунун жандуу рухий абалы жана бир калыптуу жандуулук. Ал эми бардык кызыксыз атмосфераны түзүүчүлөр: ишеничсиздик, капалык – бул окуучулардын билим алуусундагы терс факторлор болуп саналат. Экинчиден мугалимдин да окутууда тандап алган ыкмасы да чоң роль ойнойт. Окуу процессинде окутуунун ыкмалары көбүнчө төмөнкүдөй тартипте жүрөт: балдар бир эле темада, бир эле ыкманы колдонуп иштегенде, класс көбүн эсе таралып баштайт, мугалим сунуштаган методду туура көргөн окуучулар ийгиликке жетишсе, калган бөлүгү артта калат. Аларга башка ыкма колдонуу керек болот. Айрым окуучулар тез-тез иштесе, башкалары жай иштейт, айрымдары иштин тышкы формасын кабылдайт, калгандары болсо, ишке киришээрден мурун аны тереңдеп түшүнүүсү керек болот.

Ойлонуп эмгектенүүнүн темпи боюнча да окуучулар бири-биринен өтө айрымаланышат: күчтүү окуучулар начар окуучуларга караганда окуу материалын үч эсе тез кабыл алып түшүнүшө тургандыгы белгиленген. Ошого карабастан практикада мугалимдер окутуунун темпин кандайдыр бир чындыкта жок “орточо” окуучунун темпине ылайыктуу уюштуруп келет. Мындай иш аракеттер эч кандай натыйжа бере албайт. Ошондуктан, жай ойлонуп эмгектенүүчү окуучулардын нормалдуу иштөөлөрүнө мугалим тарабынан кошумча убакыт берилип, аларга тез-тезден жардам берилип турат, негизге максат окуучу класска коюлган проблема кандайча ишке ашырыла тургандыгын түшүнүп, эмгектене башташы болуп эсептелет.[1]

Жыйынтыктап айтканда көркөм өнөр сабагында окуучуларды эстетикалык жактан тарбиялоо усулдары жана окутуунун уюштуруу формалары мугалим тарабынан туура тандалып, инсанга багыттап окутуу технологиясы колдонулганда гана башталгыч класстын окуучуларына эстетикалык тарбия берүүнүн алдыдагы максаттары ишке ашмакчы.

**Колдонулган адабияттар:**

1. Бекбоев И.Б. Инсанга багыттап окутуу технологиясынын теориялык жана практикалык маселелери./Бекбоев И.Б.-Бишкек. Бийиктик. -2011ж. -269-б.

2. Көркөм өнөр предмети боюнча 1-4-класстар үчүн 2021-2022 окуу жылы үчүн календардлык тематикалык план. –Бишкек, 2021-ж.

3. Сухомлинский В.А.Сердце отдаю детям /В.А.Сухомлинский- Издательство: Концептуал, 2019г. -260с.

4. Сыдыгалиев Ж. Изобразительное искусство в первом классе: Метод.пособие для учителей / Ж. Сыдыгалиев; Кирг. НИИ педагогики. - Фрунзе :Мектеп, 1988. - 84,[2] с.;